**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын 10-11 класстары үчүн «Кыргыз жана дүйнөлүк адабияты» боюнча предметтик стандарты (окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)

**Бишкек – 2019**

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын 10-11 класстары үчүн «КЫРГЫЗ ЖАНА ДҮЙНӨЛҮК АДАБИЯТЫ» боюнча предметтик стандарты (окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)**

## МАЗМУНУ


**1 – БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР ....................................................................... 3**

1.1. Документтин макамы жана түзүлүшү ............................................................ 3

1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы ............................................ 4

1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер .......................................................... 4

**2 – БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ ................................................. 6**

2.1. Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окутуунун максаттары жана милдеттери ............................................................................................................. 8

2.2. Кыргыз адабияты жана дүйнөлүк адабиятын окутуунун методологиялык негиздери ............................................................................................................. 9

2.3.Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр ............................................ 10

2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы ............. 12

2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалынын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүнүшү ............................................................................... 14

2.6. Предметтер аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер.............. 15

**3 – БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО............................................................................................................. 16**

3.1. Окуу материалдарынын мазмундук тилкелерге жана класстарга күтүлүүчү натыйжалар боюнча бөлүштүрүлүшү .................................................................. 17

3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары ... 29

**4 – БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНЕ КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР34**

4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар ............................................... 34

4.2. Шыктандыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү ..................................................... 35

**«Кыргыз жана дүйнөлүк адабияты» предметинин стандарты 4 бөлүктөн турат:**

- Жалпы жоболор.
- Предметтин концепциясы.
- Билим берүүнүн натыйжалары жана баалоо.
- Билим берүү жараянын уюштурууга коюлуучу талаптар.

# 1 – БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

## 1.1. Документтин макамы жана түзүлүшү

Кыргызстанда окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы орто билим берүүчү мектептерде (10-11-класстар) кыргыз жана дүйнөлүк адабияты боюнча предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлунун № 403 Токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартынын» негизинде түзүлгөн.

Предметтик стандарт окуучуну «Кыргыз жана дүйнөлүк адабияты» окуу предметинин каражаттары менен «Искусство» билим берүү тармагынын максаттарына ылайык тарбиялоонун, өнүктүрүүнүн жана окутуунун жалпы стратегиясын аныктайт, предметти өздөштүрүүгө талаптарды камтыйт жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилет.

«Кыргыз жана дүйнөлүк адабияты» боюнча предметтик стандарттын жаңылыгы биринчи жолу «Искусство» билим берүү тармагына кошулганы болуп саналат. Бул жаңылык өз кезегинде предметти окутуунун борборун (фокусун) абстракттуу-илимий, идеологиялык жана таза философиялык ыктан көркөм ыкка өзгөртөт. Көркөм чыгармага адабий талдоону жүргүзүүнүн ордуна эстетикалык талдоо менен алмаштырууга негиз болот.

Предметтик стандарт Кыргыз Республикасында билим берүү системасында окуу жараянын камсыздоочу мазмунду, жаңы педагогикалык шарттарды жөнгө салуучу окуу программалары менен окуу китептерин түзүүчүлөргө багыт берет. Бул предметтик стандартта окутуунун принциптери, багыттары жана методдору чагылдырылат. Окуу материалын окуп-үйрөнүүнүн түзүлүшү, ырааттуулугу, предметтин айрым бөлүктөрүн окутууга бөлүнгөн окуу сааттарынын болжолдуу бөлүштүрүлүшү программада жана окуу китебинде берилет.

## 1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы

Предметтик стандарт Кыргыз Республикасынын төмөнкү ченемдик документтеринин негизинде түзүлдү:

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы (2013-ж.);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 Токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин Мамлекеттик билим берүү стандарты»;
- Кыргыз Республикасында көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү Концепциясы (2008-ж.);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы № 201 бекитилген «Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын өнүгүүсүнүн стратегиялык багыттары жөнүндө» Токтому;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2014-жылдын 22-июлундагы № 545/1 Буйругу менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын мектеп окуучуларын жана жаштарын тарбиялоонун 2020-жылга чейинки Концепциясы».

## 1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

**Адабий чыгарманы сөз искусствосунун көрүнүшү катары талдоо** – чыгарманы өздөштүрүүнүн эстетикалык нугу: формадан – мазмунга; турмуштук кырдаалды талдоо эмес, жазуучу тарабынан чагылдырылган турмуштук кырдаал кантип чагылдырылгандыгын, кантип баалангандыгын талдоо; бул фактылардын тышкы катмарын кайра баяндоо, ким, эмне, кайда жана ким менен эмне болгондугун тактоо эмес, автордун позициясын чечмелөө, түшүнүү болуп саналат.

Адабий чыгарманы талдоо сөздүн жардамы менен жаралган образдын көп маанилүүлүгүн түшүнүүгө багытталган.

**Адабий чыгармаларды кабыл алуу** – бул автордун чыгармасы менен карым-катышта болуу, автордун оюн чечмелөө, анын үстүндө ой жүгүртө билүү жөндөмү. «Көркөм кабыл алуу – бул чыгарманын мазмунун, маңызын жана анын көркөмдүгүн көркөм элестетүү (кайра жаратуу), өзү аркылуу өткөрүү жөндөмү» (С.Л. Рубинштейн). Көркөм образды баамдап түшүнүүнүн маанилүү жана зарыл элементи болуп, эстетикалык кабыл алуу процессинде пайда болгон эмоциялар жана жазуучу жараткан көркөм образдарга өз мамилесин ойлору, сезимдери аркылуу көрсөтүү жөндөмү: аларды элестетүү, алар менен кошо кайгыруу же сүйүнүү, аларга маани берүү, баалоо. Көркөм чыгарманы кабыл алуу бир нече баскыч аркылуу өтөт – үстүртөн кабыл алуудан тартып чыгарманын маңызын, түпкү мазмунун кабыл алууга чейин.

**Адабий чыгарманы алгачкы кабыл** алуу – окуучу текстти өз алдынча окуп чыккандан кийинки пайда болгон ойлор, образдуу жана эмоционалдуу таасирленүүсү.

Бул баскычтагы иштер чыгарманы мындан ары талдоо, маңызды түшүнүү, ойлонуу жана тереңдетүү үчүн багыт болот.

**Адабий чыгарманы экинчи ирет кабыл алуу** – чыгарманын үстүнөн иштөөнүн бул баскычында окуучулар чыгарманы кайра окуп чыгышат, окуганы боюнча чыгармачыл тапшырмаларды аткарышат жана чыгарма боюнча жалпылашат.

**Интерпретациялоо** – түшүндүрүү, көркөм чыгарманын бүтүндөй маанисин, анын идеясын, концепциясын кабылдоо.

**Интеграциялашкан (тутумдашкан) курс –** бир эле билим берүү тармагына же ошол эле билим берүү багытына кирүүчү дисциплиналардын мазмунунан түзүлгөн курс, бирок, айрыкча адабият боюнча кайсы бир бирдиктүү билим берүү тармагынын базасында түзүлүшү зарыл. Бул жерде кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын тутумдашуусу ишке ашат.

**Компетенттүүлүк** – окуучунун ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш-аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интегративдик жөндөмдүүлүгү.

**Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк** – окуган чыгармаларынын жана жеке тажрыйбасынын негизинде адабий чыгармачылыкка жөндөмдүүлүгү, ар түрдүү темадагы, жанрдагы жана формадагы адабий чыгармачыл чакан иштерди жазууга жөндөмдүүлүгү; адабий чыгармалар, жеке таасирленүүлөрү, сунушталган лексика менен сүйлөп берүү схемасына таянуучу ассоциациялар жөнүндө оозеки жана жазуу түрүндө кепти жаратуусу; стилдик боёктогу кепти колдонуусу. Таанып билүү жана коммуникациялык милдеттерди ишке ашыруу үчүн энциклопедиялар, сөздүктөрдөн тартып ар кандай маалымат булактарын пайдалануу: интернет ресурстар ж.б. Адабият сабагындагы **ойлоо ишмердүүлүгү** – окуучуларды ой жүгүртүү операцияларынын (салыштыруу, классификациялоо, тактоо, жалпылоо) адабий чыгарманы түшүнүүгө жана анын маанисин жаратууга багыттаган атайын уюштурулган активдүүлүк.

**Божомолдоо** – текстти окуганга чейин андагы окуяларды алдын-ала божомолдоо, аңдоо, баамдоо. Чыгарманын аталышы, таяныч сөздөр, тексттин алдында сунушталган сүрөт боюнча окурмандык тажрыйбага таянып тексттин маанилик, тематикалык жана эмоционалдык багытталышын аныктоо.

**Көп маданияттуулук принциби** – «Искусство» билим берүү тармагынын жоболорунун бири, ага ылайык сабак учурунда окуучулар этностордун, социалдык топтордун жана маданияттардын искусстводо чагылдырылган жалпылыгы жана өзгөчөлүктөрү жөнүндө түшүнүктөрүн калыптандырышат.

**Окурмандык компетенттүүлүк** – адабий чыгарманы искусствонун түрү катары тез туура окууга, эмоционалдуу кабыл алууга жана түшүнүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, маалыматтуулугун, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде кабыл алуу; кепти толуктоо жана байытуу; теориялык-адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү

өнүктүрүү. Окуучулардын түрдүү элдерге жана маданияттарга таандык адабий чыгармаларды салыштыруу, талдоо көндүмдөрүнө ээ болуусу.

**Окурманга багытталган ыкма** – максаттарды пландаштыруу окуучунун окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандырууга, кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, көркөм текстти талдоо жана интерпретациялоого, аны чыгармачыл иштеп чыгууга жана өз тексттерин жаратууга көңүл бурган ыкма.

**Баалуулук-маанилик компетенттүүлүк –** бул инсандын баалуулук багытталуу чөйрөсүндөгү компетенттүүлүк; окуучунун ар түрдүү элдердин, мезгилдердин адабиятында жаралган дүйнөнүн картинасын өздөштүрүү тажрыйбасын жыйноо менен байланышкан руханий баалуулуктарды түшүнүүгө жана өздөштүрүүгө жигердүү катышуу жөндөмдүүлүгү; көркөм образды кабыл алуу жана анын адеп-ахлактык, эстетикалык маңызын баамдоо жөндөмдүүлүгү.

**Эмоционалдык мамилесин билдирүү** – окуучунун искусствонун чыгармасына сезимдерин билдирүүсү, өз ойлорун, кошо кайгыруу же кубануусун, эмоционалдуу-баалоочу ой жүгүртүүсүн, чыгармага, каарманга, сүрөттөлгөн окуяларга өз мамилесин билдирүүсү.

## 2 – БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ

«Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятынын» окуу предмети катары мазмунунун негизин кыргыз, орус, өзбек жана тажик адабияттарынын алтын фондун түзгөн көркөм чыгармаларды кыргыз тилинде окуп-үйрөнүү түзөт. Адабият ааламдын сырын, адамдын жан дүйнөсүнүн эстетикалык камылгасын, туюмун кабылдап, анын турмушунун ар кыл жактарын көркөм образдар аркылуу чагылдырат. Адабияттын адеп-ахлактык, эстетикалык, таалим-тарбиялык, дүйнө таануучулук жана билим берүүчүлүк мүмкүнчүлүгү өтө кенен.

Адабий чыгармаларды кабыл алуу, талдоо, интерпретациялоо окурмандык ишмердүүлүктүн белгилүү ыкмаларына жана түрлөрүнө, кыргыз, орус өзбек жана тажик адабиятындагы темалардын, образдардын, сюжеттердин салыштырылышы менен жупташып биригишине негизденет.

Мектепте окутуу үчүн көркөм чыгармаларды тандоонун негизги чен - өлчөмдөрү (критерийлери) болуп (Л.А.Шейман боюнча) алардын:

- берилген адабият үчүн жазуучунун чыгармачылыгынын мүнөздүүлүгү;
- жогорку көркөм баалуулугу;
- улуттук, аймактык жана жалпы адамзаттык руханий баалуулуктарга багытталгандыгы;
- баланын жаш өзгөчөлүгү үчүн тилдик жана көркөм маданий жеткиликтүүлүгү;

- окуу-методикалык каражаттардын жеткиликтүүлүгү менен камсыздоо мүмкүнчүлүгү эсептелет.

Кыргыз жана дүйнөлүк адабияты окурмандык багыттагы окутууга негизделет. Ушуга байланыштуу негизги концептуалдык жоболор окуучулардын адабий өнүгүүсүнүн төмөнкү факторлоруна таянат:

- мектеп окуучуларынын жакынкы өсүү зонасын эске алуу менен окурмандык өнүгүүсүнүн курактык өзгөчөлүктөрүнө;
- Кыргыз Республикасынын шарттарында окуу материалын өздөштүрүүнүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу (Л.А. Шейман);
- бул же тигил адабияттагы көркөм образдуулуктун өзгөчөлүктөрүнө;
- түрдүү элдерде дүйнөнүн улуттук образдарынын дал келбестигин эске алуу;
- адабий чыгармаларды окуу маданиятынын өнүгүү процесси окуучунун оозеки жана жазуу кебинин өнүгүүсү менен байланыштарына таянуу;
- сабактагы сөздүк-фразеологиялык иштин өзгөчөлүгүнө, алдын-ала жана чогуу берилүүчү комментарийлерге таянуу;
- түрдүү авторлор менен элдердин адабияттарынын улуттук өзгөчөлүктөрүн, өз ара аракеттешүүсүн эске алуу менен көркөм текстти кабыл алуу жана түшүнүү деңгээлдери жөнүндө көрсөтүү.

Көркөм чыгармаларды окуу окуучулардын өнүгүү каражаты катары каралат. Окуучунун адабий өнүгүүсү окуучунун жаш курагын эске алат, башталгыч класстарда алган окутуунун тилиндеги окурмандык даярдыгына таянат, анын жалпы өнүгүүсү менен, дүйнөлүк көз карашынын калыптануусу жана адеп-ахлактык баалуулуктардын эволюциясы менен түздөн-түз байланышта болот. Экинчи тилди билүүгө байланышкан чектөөлөр айрым адабий чыгармалардын, ошондой эле алардын үзүндүлөрү аркылуу окутуу үчүн сунуштоолордун санын кыскартуу зарылдыгын жаратат.

Окуучулардын адабий өнүгүүсүнүн үч мезгили бөлүп көрсөтүлөт (Н.Д. Молдавская, В.Г. Маранцман, О. Никифорова).

Бул көз караштан алганда, адабиятты окутуунун негизин мектепте билим берүүнүн ушул акыркы баскычында, текстти биринчи ирет «момун-реалисттик» (Г.А.Гуковский) кабыл алуу гана эмес, ой жүгүртүү процессин өнүктүрүүгө багытталган аналитикалык талдоо түзөт. Бул болсо чыгарманы биринчи ирет кабыл алуу менен аны жыйынтыктоочу эстетикалык аңдоонун ортосундагы байланыштырган звено болуп калат.

**Көп маданияттуулук принциби.** Бул принциптин негизинде мыкты же начар маданият деген түшүнүктөр жок экени жөнүндө гуманисттик идея жатат. Бардык маданияттар өз мазмуну менен айырмаланат, ар биринин өз өзгөчөлүктөрү бар, ал эми маданияттын маанилүүлүгү индивиддер менен аныкталат. Көп маданияттуулук принциби билим берүүнүн мазмуну Кыргызстандагы коомдун көп улуттуу табиятын чагылдырууда түрдүү этникалык маданияттын белгилүү бир элементтерин

чагылдыруу керек деп эсептейт. Адабияттардын жупка кошулушу, алардын ар биринин өзгөчөлүктөрүнө, ошонун ичинде, кыргыз адабиятынын фольклордук негизине көңул буруу, турдүү доорлордун жана элдердин адабий чыгармаларын салыштырып окуу – Кыргызстандагы мектеп окуучусунун окурман катары өнүгүү жана баюу жолдору. Мында этникалык маданияттар – бул өлкөдө жашаган бардык адамдардын жалпы байлыгы, Кыргызстандын жалпы улуттук маданиятынын этникалык өз ара баюу жана өз ара сиңип аралашуу тарыхый процессинин жемиши экендиги жөнүндө жоболор негиз болуучу жоболор болушу керек.

Предметтик стандарттын негизин М.М.Бахтиндин адабият жөнүндө көркөм бүтүндүк катары, дүйнөнүн көркөм модели катары караган концепциясы түздү. Өсүп келе жаткан жаш адамды текст аркылуу автор менен маектешүүгө үйрөтүү, бул маектин толук жарамдуу катышуучусу болууга үйрөтүү – адабияттын негизги билим берүүчүлүк милдети.

Маданияттуу окурмандын алдында эки милдет турат:

1) чыгарманы автор өзү түшүнгөндөй түшүнүү, дүйнө картинасын «автордун көзү» менен көрүүгө аракеттенүү;
2) окулган чыгарманы өзүнүн (автордукунан айырмаланган) турмуштук жана маданий контекстине кошуп алуу.

## 2.1. Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окутуунун максаттары жана милдеттери

**10-11 класстарда кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окутуунун максаттары:**

- ✓ адабий чыгармаларды өз ара байланышта окутуу;
- ✓ адабий процесс жана анын негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү, адабий-көркөм стилдердин көп түрдүүлүгү тууралуу жалпы түшүнүк берүү;
- ✓ негизги окурмандык компетенттүүлүктөрдү тереңдетүү жана жакшыртуу.

**Милдеттери:**

- окуучулардын өз адабиятынан образдуу-эстетикалык системасы боюнча айырмаланган адабияттагы чыгармаларды эстетикалык кабыл алуусун калыптандырууга шарт түзүү;
- өз адабиятынын окуу менен катар, башка адабияттын көркөм образдуулугуна жана адеп-ахлактык баалуулуктарына тартуу жолу аркылуу окуучулардын руханий дүйнөсүн байытууга шарт түзүү;
- өз адабияты менен башка адабияттардын чыгармаларын салыштыруу, алардагы окшош темаларды, көйгөйлөрдү, идеяларды табуу, улуттук өзгөчөлүктөрдү аныктоо көндүмдөрүн калыптандырууга түрткү берүү;
- окуучуларды оозеки жана жазуу кебин жакшыртууга, экинчи тилде адабий чыгармачылыкка кызыктыруу.

## 2.2. Кыргыз адабияты жана дүйнөлүк адабиятын окутуунун методологиялык негиздери

Кыргыз адабияты жана дүйнөлүк адабиятынын методологиясынын негизи:

**Адабияттарды өз ара байланышта окутуу принциби**. Бул принципти ишке ашыруу көркөм-эстетикалык багыттарды, жакын тематикадагы чыгармаларды мазмундук жактан талдоого алуу, сюжети окшош чыгармаларды үйрөнүү, автордук тексттин стилистикалык өзгөчөлүгүн дүйнөлүк адабият жана жеке улуттук мурастын баалуулуктары менен бирдикте табууну көздөйт. Окуучулардын башка адабиятты эмоционалдык-эстетикалык кабыл алуусунун өзгөчөлүгүнө этномаданияттын тийгизген таасиринин **илимий негиздери** (Л.А. Шейман, М.В. Черкезова, А.Алимбеков, Н.Асипова), «окуудагы этномаданияттаануу» илимий-методикалык багытына (Л.А. Шейман, С.Байгазиев) жана адабий чыгармаларды тутумдаштырып окутуунун маданиятаануучулук принциптерине таянуу.

**Көп маданияттуулук принциби** Кыргызстандын көп маданияттуу коомчулугунун шартында адабиятты окуп-үйрөнүүдөгү негизги принцип болуп саналат. Ал башка элдин маданиятын түшүнүүнү калыптандырууга, этникалык башка адамдарга мамиле боюнча толеранттуулукка, башка адамдарды түшүнүү жана алар менен өз ара аракеттешүү жөндөмдүүлүгү, атуулдук сезимге тарбиялоо жана Кыргызстанды көп адамдардын жалпы үйү катары сүйүү сезимине кызмат кылат. Кыргыз адабияттын дүйнөлүк адабияттын контекстинде баалуулугун түшүнүү маанилүү болуп саналат.

**Тексттерди түшүнүү жөнүндө илим (**герменевтика) кабыл алуунун, интерпретациялоонун, адабий кубулуштар менен образдарды түшүндүрүүнүн принциптеринин жыйындысы катары «адамдын ички тажрыйбасына» негизденет. Көркөм образдарды өзүнүн инсандык адептик, эстетикалык, интеллектуалдык тажрыйбасы менен салыштыруу аркылуу текстти, ошондой эле окуучу тиешелүү элдин маданиятындагы тажрыйбаны эске алуу менен таяныч боло аларлык түшүнүү.

**Баалуулуктар теориясы** (аксиология**)** искусство чыгармаларын окуу жана маани берип түшүнүүнүн негизинде көркөм, адеп-ахлактык жана маданий баалуулуктарды калыптандырууну көздөйт.

**Искусствону көркөм кабыл алуу психологиясы** көркөм чыгармага карата адамдардагы эмоцияны ойготуу үчүн багытталган эстетикалык мазмунга көз караш катары көрсөтүү (Л.С. Выготский).

Бул стандарттарды иштеп чыгуу үчүн базалык категориялар болуп окуучулардын **«кабыл алуу» жана «өнүгүү»** категориялары саналат.

**Кабыл алуу** бул учурда адабий чыгармалардагы эстетикалык маалыматты окуучулардын түшүнө билүү жана кайра түзүү деңгээли.

**Өнүгүү** предмет боюнча окутуунун окуучулардын адабий чыгармаларды түшүнүүсүндөгү өзгөрүүлөрдүн ырааттуулугун чагылдырат. Өнүгүү окуучунун инсан болуп жетилүү баскычын эске алат.

## 2.3.Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр

Адамдар инсандык жана кесиптик чөйрөдөгү (маалыматтык каражат, башка адамдар жана адамдар тобу, жеке инсандык сапаты жана адамдын өзүнүн мүмкүнчүлүктөрү) колдонгон каражаттардын категориясына шайкеш келген Мамлекеттик билим берүү стандартында негизги компетенттүүлүктөр аныкталган. Мектептик билим берүү жараянында окуучулар төмөнкүдөй негизги компетенттүүлүктөргө ээ болушат:

**Маалыматтык компетенттүүлүк** – керектүү маалыматты чогултуу, аны менен иштөө, сактоо жана пайдаланууну ишке ашыруу. Окуучулар маалымат менен иштөө маданиятын өздөштүрүшөт: жетпеген маалыматты максатуу издеп, кээ бир үзүндүлөрдү салыштырышат, жалпылаган талдоо жана гипотеза түзүү көндүмдөрүнө ээ болушат. Жалпы мазмундан негизги ойду бөлө алат.

**Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк** – өз умтулууларын социалдык топтун жана башка адамдардын кызыкчылыктары менен айкалыштырууга, башка адамдардын ар түрдүү көз караштарын таануунун жана баалуулуктарына (диний, этникалык, кесиптик, инсандык) сый мамиленин негизинде өз көз карашын маданияттуу далилдөөгө даярдык. Керектүү маалыматты маектешүү (диалог) аркылуу алуу, аны социалдык, кесиптик, инсандык көйгөйлөрүн чечүү үчүн оозеки, жазуу түрүндө пайдалануу даярдыгы. Маселелерди чечүү үчүн башка адамдардын жана социалдык институттардын ресурстарын пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет.

Окуучулар сүйлөшүүнүн (коммуникациянын) диалогдук формасын билишет, өз көз карашын далилдүү айта алышат; жанындагы адамды түшүнүшөт, угушат, өзүнүн оюнан айырмаланган көз карашка толеранттуу мамиле жасашат.

**«Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү» компетенттүүлүгү** – маалыматта, окуу жана турмуштук кырдаалдарда ар түрдүү ыкмаларды пайдалануу аркылуу өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүүдө карама-каршылыкты табуу, ошондой эле кийинки аракеттер жөнүндө чечимдерди кабыл алуу даярдыгы. Окуучулар өзүнүн көз карашын ар түрдүү ойлорду эске алуу менен иретке келтиришет, чыр-чатактарды чече алышат.

Кыргыз адабияты боюнча предметтик компетенттүүлүктөр – негизги компетенттүүлүккө карата жекече компетенттүүлүктөр, алар адабиятта билим берүү натыйжаларынын жыйындысы түрүндө аныкталат.

Азыркы кыргыз жана дүйнөлүк адабиятын окутууда компетенттүүлүк мамиле жетекчилик ролду ойнойт. Предметтик компетенттүүлүктөр 10-11-класстардагы «Кыргыз жана дүйнөлүк адабияты» предметинин максаты жана милдетине шайкеш

келген: «Окурмандык компетенттүүлүк», «Баалуулук-маанилик компетенттүүлүк» жана «Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк» болуп бөлүндү.

**Окурмандык компетенттүүлүк** – адабий чыгарманы искусствонун түрү катары окууга, эмоционалдуу кабыл алууга жана түшүнүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, маалыматтуулугун, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде кабыл алуу; кепти толуктоо жана байытуу; теориялык-адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү. Окуучулардын ар башка элдерге жана маданияттарга тиешелүү адабий чыгармаларды салыштыруу, талдоо көндүмдөрүнө ээ болуусу.

**Баалуулук-маанилик компетенттүүлүк** – бул инсандын баалуулукка багытталуу чөйрөсүндөгү компетенттүүлүгү; окуучунун ар түрдүү элдердин, мезгилдердин адабиятында жаралган дүйнөнүн картинасын өздөштүрүү тажрыйбасын жыйноо менен байланышкан руханий баалуулуктарды түшүнүүгө жана өздөштүрүүгө жигердүү катышуу жөндөмдүүлүгү; көркөм образды кабыл алуу жана анын адеп-ахлактык, эстетикалык маңызын баамдоо жөндөмдүүлүгү.

**Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк –** окуган чыгармаларынын жана жеке тажрыйбасынын негизинде адабий чыгармачылыкка жөндөмдүүлүгү, ар түрдүү темадагы, жанрдагы жана формадагы адабий чыгармачыл иштерди жазууга жөндөмдүүлүгү; адабий чыгармалар, жеке таасирленүүлөрү, ассоциациялар жөнүндө оозеки жана жазуу түрүндө кепти жаратуусу, стилдик боёктогу кепти колдонуусу.

Предметтик компетенттүүлүктөр предмет боюнча билим берүүнүн натыйжаларынын тизмегинде көрсөтүлгөн жана динамикада берилген.

Окутуунун убактысы өткөн сайын компетенттүүлүктүн окуучу өздөштүргөн элементтеринин саны жана сапаты артат:

– окутуудагы күтүлүүчү натыйжалардын терендөө деңгээлинде;

– компетенттүүлүктүн кеңейүү деңгээлинде;

– күтүлүүчү натыйжалардын көрсөткүчтөрүнүн деңгээлинде;

– адабий материалдын тапшырмаларын чечүү жана өздөштүрүү татаалдыгы деңгээлинде.

Компетенттүүлүктөр мазмундук тилкелердин чегинде кесилишип, өз ара жуурулушат, өз ара аракеттенишет, окуучунун жеке тажрыйбасын байытат.

Предметтик компетенттүүлүктөр билим берүү натыйжаларынын тизмесинде берилген жана убакыттын өтүшү менен адабий өнүгүүдө жана окуучулардын компетенттүүлүктөрүнүн калыптанышында сапаттык өзгөрүүлөр байкалат. Компетенттүүлүктөр окуучунун жеке тажрыйбасын байытуу менен мазмундук тилкелерде интеграцияланышат, кесилишет, өз ара аракеттенишет.

## 2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы

Билим берүүнүн мазмунунун жалпы (бардык предметтер үчүн) жана предметтик (ар бир окуу предмети үчүн) болуп экиге бөлүнүшүнө ылайык эки деңгээлдеги компетенттүүлүктөр жөнүндө айтылат:


1) Негизги компетенттүүлүк – билим берүүнүн жалпы мазмунуна тиешелүү.

2) Предметтик компетенттүүлүк – компетенттүүлүктүн мурунку деңгээлине карата жеке компетенттүүлүк, окуу предметинин алкагында калыптандыруу мүмкүнчүлүгүнө жана конкреттүү баяндоого ээ.

Негизги билим берүүчү компетенттүүлүк ар ирет окутуунун ар бир баскычында билим берүүчүлүк тармактын жана окуу предметтин деңгээлинде конкреттештирилет жана предметтик тармакта аныкталат.

Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятындагы негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы предметтик компетенттүүлүктөрдүн билим берүүчүлүк натыйжаларда ишке ашырылышын көрсөткөн мисалдар менен 1-схемада көрсөтүлгөн.

**1-схема: Негизги компетенттүүлүктөр менен предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы (мисалдар менен).**




Предметтик компетенттүүлүк бардык билим берүү баскычтарына өткөн негиз болуп, предметти бүтүндөй көзөп өтөт. Ал «конкреттүү сүрөттөөгө жана конкреттүү окуу предметинин алкагында калыптандыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ» (А.В. Хуторский). Биз предметтик компетенттүүлүк дегенде окуучулардын адабият предметинин тарамында түрдүү билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү колдонуу жөндөмдүүлүгүн жана кийинки билим алуусунда да практика жүзүндө ушул билимдерин колдонуп кете алуусун түшүнөбүз. Окуучунун окуу ишмердүүлүгүнүн сапатын аныктоодо предметтик компетенттүүлүк алдыңкы катардагы жетектөөчү компетенттүүлүк болуп эсептелет. Предметтик компетенттүүлүк окуу жана практикалык ишмердүүлүктө ар дайым иш жүзүнө ашырылып турганда гана ийгиликтүү калыптанат. Мугалим окуу жана адабий тексттерине ылайык иш-аракеттери менен кайсы мазмунга өтө көңүл буруу керектигин баамдап түшүнгөндө гана окуучунун компетенттүүлүгү жогорку деңгээлде калыптанат.

## 2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалынын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүнүшү

Бул предметтик стандартта мазмундук тилкелер адабий чыгарманын ар түрдүү аспекттери жөнүндө түшүнүк берет, анын түзүлүштүк өзгөчөлүктөрүн ачат. Мазмундук тилкелер кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын негизги компоненттерин аныктайт.

Мазмундук тилкелер предметтин биримдигин камсыздашат, анын предметтин бардык бөлүктөрү жана темалары аркылуу өтүүчү мазмундун, негизги түшүнүктөрдүн өзүнчө каркасы. 1-таблицада предметтин класстар боюнча негизги мазмунун ачып берген мазмундук тилкелердин жана окуу материалдын варианттары көрсөтүлгөн.

**Окуу материалынын мазмундук тилкелери жана класстарга бөлүнүшү**

**1-таблица.**

| | Мазмундук тилкелер | 10-класс | 11-класс |
|---|---|---|---|
| **1.** | **Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | Адабий тектер жана жанрлар. Чыгармадагы негизги сюжеттик сызык. Негизги эпизоддор. Композициянын элементтери (пейзаж, портрет, интерьер). | Чыгармалардын негизги сюжеттик сызыктары, негизги эпизоддору. Адабий багыттардын жана агымдардын жалпы мүнөздөмөсү. Поэзия жана проза. |
| **2.** | **Адабий каармандын образы** | Чыгарманын негизги каармандары. Реалисттик жана романтикалык образдар. Лирикалык каарман, драмалык каарман. Дүйнөлүк адабияттагы «түбөлүк образдар» | Адабий каармандар жөнүндө түшүнүктөрдү өнүктүрүү. Адабияттагы инсандын идеалы. |
| **3.** | **Көркөм кеп** | Чыгармадагы көркөм сөздүн көп маанилүүлүгү. Образдуу сөздөр жана сөз айкаштар. Этномаданий лексика. Көркөм сөз каражаттары (эпитет, салыштыруу, метафора ж.б.) | Жазуучулардын, акындардын ар башка жанрлардагы (фильм, спектакль, чыгып сүйлөө, чакан макала ж.б.) чыгармаларда көркөм сөздүн образдык жана эмоционалдык тыгыздыгы. |
| **4.** | **Автор (автордук, көркөм дүйнө)** | Автор, чыгармадагы автордук бааны билдирүүнүн мүнөздүү ыкмалары. Жазуучунун чыгармачылыгынын негизги | Адабияттагы маанилүү ысымдар, алардын негизги чыгармалары. Жазуучунун чыгармачылыгынын |

| | Мазмундук тилкелер | 10-класс | 11-класс |
|---|---|---|---|
| | | темалары, көйгөйлөрү, программалык чыгармаларынын идеялык мазмуну. «Түбөлүк» темалар. Түрдүү элдердин адабиятынын өз ара байланыштары. | маанилүү сапаттары жөнүндө жалпы түшүнүк (адабий багытка таандык болушу, мезгилге дал келүүсү, негизги темалары, каармандары, чыгармаларынын мүнөздөмөсү). |

## 2.6. Предметтер аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер

Предметтер аралык байланыштар «Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятынын» «Искусство» билим берүүчүлүк тармагынын чектеш предметтери менен («Музыка», «Сүрөт» предметтери менен) өз ара байланыштарын бөлүп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. «Искусство» билим берүү тармагынын предметтерин окутуу дүйнөгө эстетикалык мамиле менен көркөм-чыгармачылык элестетүүнү өнүктүрүүнү, искусствонун конкреттүү түрлөрүнүн тилине жана көндүмдөрүнө ээ болууну камтыган бирдиктүү негиздерде ишке ашат. Искусствонун түрлөрү бул концепцияда «Искусство» билим берүүчүлүк тармагынын бирдиктүү көркөм мейкиндигинин модулдары катары каралат. Мындай мамиле төмөнкү билгичтиктерди калыптандырууга түрткү болот: адамдардын акыл, руханий жана көркөм эмгегинин жемиштериндеги жана жаратылыштагы сулуулукту түшүнө алууну жана баалоону билүү; адам баласынын жана өз элинин маданий өнүгүүсүнүн жемиштерин колдоно билүү; коомдук маданиятты жаңылантуу жана колдоо жараянына катыша билүү; көркөм баарлашуу жана искусствонун ар кайсы түрлөрүндөгү көркөм чыгармачылык жолу менен, ошондой эле дүйнөнүн, өлкөнүн, мектептин маданий жашоосуна катышуу аркылуу окуучулар өз инсандыгын өркүндөтүшөт.

Бардык предметтерде окуучулардын кабыл алуусу кубулуштарды эмоционалдык баалоодон образдык баалоого, андан кийин гана рационалдык талдоого карай жылат. Искусство өзүнүн маанисин эч качан жоготпой турган түбөлүк баалуулуктарды жаратат. Анын бардык түрлөрүн маданияттын форма түзүүчү фактору, маданияттын жалпы «тили» болгон образ деген түшүнүк концептуалдык жана психологиялык негиз катары бириктирет. Так ушул нерсе окутуу жараянында аталган предметтер аралык тыгыз байланышты аныктоого мүмкүндүк берет.

Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятынын предметтер аралык байланыштары ошондой эле баарынан көбүрөөк эне тили жана экинчи тил, эне тилинде окулган адабият, тарых, Адам жана коом предметтеринен көрө алабыз.

2-таблицада адабиятты өтмө тематикалык түзүмдөрдү бөлүп көрсөтүүнүн негизинде окутуу жараянында предметтер аралык байланыштарды кантип ишке ашыруу мүмкүндүгү көрсөтүлгөн.

**Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятындагы предметтер аралык байланыштар жана өтмө тематикалык тилкелерди ишке ашыруунун деңгээлдери**

**2-таблица.**

| Предметтер | Байланыштар |
|---|---|
| Музыка, сүрөт, орус адабияты. | Негиздердин жалпылыгына таянуу:<br>– бирдиктүү мазмундук тилкелер;<br>– негизги компетенттүүлүктөр;<br>–чыгарманы эстетикалык баалоонун жалпы чен - өлчөмдөрү (критерийлери);<br>– дүйнөнү эстетикалык өздөштүрүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү;<br>–ишмердүүлүктүн мазмуну (искусствонун чыгармаларын кабыл алуу);<br>– кыргыз маданияттынын эстетикалык жана көркөм баалуулуктары жөнүндө билимдер;<br>–эстетикалык сезип кайгыруу же кубануулардын тажрыйбасын калыптандыруу;<br>–элдик чыгармачылык менен этномаданий салттарды эмоционалдык түшүнүү тажрыйбасы. |
| Эне тили | Эне тили курсунда калыптанган компетенттүүлүктөргө таянуу:<br>–эне тилге баалуулук мамиле жана башка тилдерге сылык мамиле;<br>–чыгармачылык оозеки жана жазуу иштеринин жанрларын өздөштүрүү;<br>– көркөм сөз каражаттарын колдонуу. |
| Тарых. Адам жана коом. | Темалар менен көйгөйлөрдүн жалпылыгына таянуу:<br>– Кыргызстан жана дүйнөлүк тарыхтын өткөн менен учурдагы темалары;<br>–Кыргызстандын тарыхынын маанилүү окуялары жана улуттук баатырлар жөнүндө түшүнүк;<br>– өтмө идеялар жана «түбөлүк» көйгөйлөр (тарыхый жана күнүмкү жашоонун, согуш менен тынчтыктын, өмүр менен өлүмдүн окуялары);<br>–универсалдуу категориялар жана баалуулуктар (жакшылык, башка маданияттарды сыйлоо, сүйүү, акыйкаттык, толеранттуулук ж.б.);<br>–жалпы темалар (инсан жана адеп-ахлак, милдет жана жоопкерчилик, үй-бүлө жана нике, кылмыш жана кыянат, адам жана табият). |

# 3 – БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО

## 3.1. Окуу материалдарынын мазмундук тилкелерге жана класстарга күтүлүүчү натыйжалар боюнча бөлүштүрүлүшү

Бул бөлүктө окуучунун негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрүнөн түзүлүүчү окутуунун күтүлүүчү натыйжалары көрсөтүлгөн. Күтүлүүчү натыйжалардын ар бирине ар бир окуучу жетишүүсү милдеттүү болуп саналат.

Күтүлүүчү натыйжалар сандардын ирети аркылуу белгиленген. Ireттеги ар бир сан кандайдыр бир маалыматты камтып турат. Мисалы, 10.1.1.1. күтүлүүчү натыйжа 10-класстар үчүн билим берүүчүлүк натыйжаны көрсөтөт (биринчи сан). Экинчи сан компетенттүүлүктүн иретин көрсөтөт. Бул жерде – «Окурмандык компетенттүүлүк». Үчүнчү мазмундук тилкени көрсөтөт. Акыркы сан күтүлүүчү натыйжанын ireттик катарын билдирет. Бул жерде 1 саны (бир) б.а. биринчи күтүлүүчү натыйжа.

Ар бир класстын күтүлүүчү натыйжалары мурунку натыйжаларга таяна турганын жана ошондой эле мурунку класстын натыйжаларын ушул класста окутууга кошо турганын эске алуу керек. Ошентип, мугалим класстагы күтүлүүчү натыйжаларды эске гана албастан, натыйжаларды өнүктүрүүнү улантат.

**Негизги мазмундук тилкелер жана класстар боюнча окутуунун натыйжалары**

**10-класс**

**Адабий чыгармаларды түшүнүү каражаттары: теориялык түшүнүктөрдүн тизмеси**

Адабий процесс тууралуу түшүнүк, адабий багыттар (романтизм, реализм), чыгармалардын жанрлары тууралуу түшүнүк; жазуучунун жеке стилинин өзгөчөлүгү; көркөм ыкмалар, адабий сын, салттуулук жана жаңычылдык, жалпы маданий жана этно маданий баалуулуктар.

| № п/п | Компе-тенттүүлүк | Мазмундук тил-келер | Күтүлүүчү на-тыйжалар | 10-класс<br>Сунушталуучу көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|
| | **1. Окур-мандык** | **1. Адабий каар-мандын образы** | **10.1.1.1.** Адабий ка-армандын образын **талдайт.** | 1. Каарманга карата эмоционалдуу мамилени **билдирсе.**<br>2. «Көркөм образ» жана адабий тип түшүнүктөрүн **түшүндүрсө.**<br>3. Образдар системасындагы каармандын ордун **аныктаса** жана өзүнүн тандоосун **далилдесе.**<br>4. Чыгармадагы каарман менен башка чыгармалардагы жана жашоодогу адам мүнөздөрүн **салыштырса.**<br>5. Чыгармадагы адабий каармандын образын түзүү ыкмаларын **бөлүп көрсөтсө** (өзүн өзү ачуу, бири бирин ачуу, автордук баа), **мисал келтирсе, аларды чечмелесе.**<br>6. Лирикалык, эпикалык жана драмалык каармандын образынын өзгөчөлүгүн **ачып берсе**, өзүнүн түшүнгөнүн тексттен мисал келтирүү менен **ырастаса.**<br>**7.** Эпикалык, лирикалык жана драмалык чыгармалардагы көркөм образдарды **айырмаласа,** өзүнүн түшүнгөнүн тексттен мисал келтирүү аркылуу **ырастаса.**<br>8. Көркөм образдардын так тарыхый жана жалпы адамзаттык маанисин **ачып берсе.** |

| №<br>п/п | Компе-<br>тенттүүлүк | Мазмундук тил-<br>келер | Күтүлүүчү на-<br>тыйжалар | 10-класс<br>Сунушталуучу көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|
| | | | | 9. Дүйнөлүк адабий процесстеги көркөм образдын жана адабий типтин өнүгүшүн **изилдесе.** |
| | | | **10.1.1.2.** Адабий образдын чечмеленишин башка искусство чыгармаларында чагылдырылышы менен **салыштырат** (кино, живопись, графика, музыка, скульптура, театр). | 1. Киноискусство, театр, живопись, музыкадагы адабий каармандын образын жаратуу каражаттарына **түшүндүрмө берсе.**<br>2. Сүрөтчүлөрдүн, режиссерлордун көркөм образды интерпретациялоосу тууралуу өзүнүн пикирин **айтса** жана аны **далилдесе.**<br>3. Ар кандай искусство чыгармаларындагы чечмелөөлөрдүн тематикалык жана сюжеттик жакындыгын **аныктаса.**<br>4. Сөз менен жаратылган образдарды музыкалык жана сүрөт өнөрүндөгү образдар менен **салыштырса.**<br>5. Образды ачуу үчүн темасы, жанры боюнча жакын живопись, музыкалык чыгармаларды **тандап алса** жана өзүнүн тандоосун **түшүндүрсө.** |
| | | | **10.1.1.3.** Адабий каармандын образынын чыгармачылык презентациясын **ар** кандай формада **даярдайт.** | 1. Тезистерди, цитаталарды **пайдаланса.**<br>2. Ар түрдүү графикалык уюштургучтарды (схема, концепция картасы, диаграмма, таблица) жана чыгармага жасалган иллюстрацияларды **пайдаланса.**<br>3. МКТнын жардамы менен презентация **көрсөтсө.**<br>4. Адабий каармандардын образдарына иллюстрацияларды **жасаса.**<br>5. Театралдаштырылган көрсөтүүгө **катышса.**<br>6. Каармандын монологун көркөм **окуса.**<br>7. Чен-өлчөмдөр боюнча **бааласа.** |
| | | **2. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **10.1.2.4.** Негизги эпизоддорду, ырды, көрүнүштү жанрды эске алуу менен **талдайт.** | 1. Чыгарманын композициясын **бөлүп көрсөтсө** жана анын ролун **чечмелесе**.<br>2. Жанрды эске алуу менен композициянын жана сюжеттин айрым бир элементтеринин ролун **ачып берсе** (пейзаж, портрет, новеллалар, лейтмотив ж.б.).<br>3. Жанрдын, адабий багыттардын өзгөчөлүгүн **аныктаса.** |

| № п/п | Компе-тенттүүлүк | Мазмундук тил-келер | Күтүлүүчү на-тыйжалар | 10-класс |
|---|---|---|---|---|
| | | | | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| | | | | 4.Драмалык чыгармалардын түзүлүшүнүн өзгөчөлүгүн **ачып берсе.**<br>5. Ар кандай жанрдагы лирикалык чыгармалардын түзүлүшүнүн өзгөчөлүгүнө **чечмелөө жасаса.** |
| | | **3. Көркөм кеп** | **10.1.3.5**. Сөздүк ко-рун адеп-ахлактык-философиялык, ма-данияттаануу боюн-ча лексика, адабий-теориялык түшүнүктөр менен **толуктайт.** | 1. Тексттеги жаңы лексиканы бөлүп көрсөтөт жана сөздөрдүн, туюнтмалардын маанисин ачып берүү үчүн ар түрдүү ресур-старды **колдонсо** (сөздүк, энциклопедиялар, интернет ж.б.).<br>2. Кыргыз жана башка маданиятка мүнөздүү сөздөрдү жана сөз айкаштарын тексттен **бөлүп көрсөтсө** жана аларга **чечмелөө жасаса**.<br>3. Чыгармага мүнөздөмө берүүдө адеп-ахлактык-философи-ялык, маданияттаануу боюнча лексиканы, адабий-теориялык түшүнүктөрдү **колдонсо.** |
| | | **4. Автордун дүйнөсү** | **10.1.4.6.** Адабияттагы чыгар-маларды темалары, образдары, стили, ж.б. боюнча **салы-штырат.** | 1. Чыгармаларды салыштыруунун негизинде тиги же бул автор тарабынан жазылган чыгарманын өзгөчөлүгүн **бөлүп көрсөтсө.**<br>2. Адабияттагы акын, жазуучулардын стилиндеги жекелик жана жалпылыкты бөлүп **көрсөтсө, түшүндүрсө**.<br>3. Маданий реалий/фактылардын чагылдырылышын **салы-штырса**, жалпы жана маданий өзгөчөлүктү **бөлүп көрсөтсө.** |
| | | | **10.1.4.7.** Жазу-учунун чыгармасы боюнча **талаш-тар-тышка катышат,** өзүнүн көз карашын жактоо үчүн далил-дерди **келтирет.** | 1.Адабий чыгарма тууралуу классташтарынын пикирин **укса.**<br>2.Берилген маселе боюнча жеке пикирин **айтса** жана аны **да-лилдесе.**<br>3.Пикирди жана маалыматты тактоо үчүн **суроо берсе.**<br>4.Уккан нерсесине сылык түрдө өзүнүн **мамилесин билдирсе.**<br>5.Жеке ойлорун так жана көркөм **бере алса**. |
| | | | **10.1.4.8.** Жеке жашоосундагы | 1.Өз алдынча окуу үчүн көркөм чыгармаларды тандоосун **түшүндүрсө.**<br>2.Окуган китеби тууралуу таасирлерин **бөлүшсө.** |

| № п/п | Компе-тенттүүлүк | Мазмундук тил-келер | Күтүлүүчү на-тыйжалар | 10-класс |
|---|---|---|---|---|
| | | | | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| | | | китеп окуунун **маанисин аныктайт.** | 3.Өз алдынча окуган китебин классташтарына **сунуштаса.**<br>4.Окуган чыгармасын класста **презентациялаcа.** |
| | **2. Баалуулук-маанилик** | **1. Адабий каармандын образы** | **10.2.1.9**. Каарманга карата жеке мамилесин **аныктайт** жана **баа берет.** | 1.Каарман тууралуу алгачкы таасирин **айтып берсе,** образга карата сезимдерин **билдирсе.**<br>2.Ички дүйнөгө кызыгуусун **көрсөтсө** жана анын адеп-ахлактык-эстетикалык баалуулуктарын **аныктаса.**<br>3.Сюжеттеги каармандын ролуна, анын психологиялык абалына жана ага карата автордун мамилесине баа **берсе.**<br>4. Жеке эмоционалдык-образдык таасирлерин автордун концепциясы менен **салмакташтырып караса.** |
| | | **2. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | | |
| | | **3. Көркөм кеп** | **10.2.3.10.** Образдуу сөздөр жана сөз айкаштар менен сөз байлыгын **байытат.** | 1.Көркөм кептин улуттук-маданий элементтерине кызыгуусун **билдирсе.**<br>2. Ар кайсы маданияттагы жазуучулардын чыгармаларындагы көркөм кептин өзгөчөлүгүнө **чечмелөө жасаса.**<br>3.Дил баян жазууда, оозеки чыгып сүйлөөдө образдуу сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү **колдонсо.** |
| | | **4. Автордук дүйнө** | **10.2.4.11**. Адабий процесстеги автордун ордун жана ролун **түшүнөт.** | 1.Жазуучунун салттуулугун жана жаңычылдыгын **аныктаса.**<br>2.Ар кайсы жазуучулардын чыгармачылык өзгөчөлүгүн **салыштырса** (чыгарма, стиль).<br>3.Башкы образ-символдорду **бөлүп көрсөтсө** жана аларга **чечмелөө жасаса.** |
| | **3. Адабий-чыгармачылык** | **1. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **10.3.1.12.** Белгилүү бир жанрда жеке чыгармасын **жаратат.** | 1.2-3 чыгарманын мисалында жанрдын өзгөчөлүгүн **изилдесе.**<br>2.Ар түрдүү жанрдагы көркөм чыгарма жаратуунун моделин **колдонсо.**<br>3.Чен-өлчөмдөр боюнча классташтарынын чыгармаларын **баалоо жана өзүн өзү баалоону жүргүзсө.** |

| № п/п | Компе-тенттүүлүк | Мазмундук тил-келер | Күтүлүүчү на-тыйжалар | 10-класс |
|---|---|---|---|---|
| | | | | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| | | **2. Адабий каар-ман** | | |
| | | **3. Көркөм кеп** | **10.3.3.13.** Ар түрдүү жанрдагы окулуп жаткан чыгармаларды (үзүндү, монолог, ар ж.б.) алардын жанрын жана тематикасын эске алуу менен **көркөм окуйт.** | 1.Окуу менен бирге темага, автордук идеяга, образдарга өзүнүн **мамилесин билдирсе.**<br>2.Чыгармачылык кечелерге, адабий иш чараларга **катышса.**<br>3.Классташтарынын көркөм окуусун чен-өлчөмдөр боюнча **баласа.** |
| | | **4. Автордук дүйнө** | **10.3.4.14.** Адабий темада долбоорду иштеп чыгуу жана түзүүгө **катышат.** | 1.Ар кандай булактардан материал **иргеп алса.**<br>2.Адабий материалды башкалар менен **талкууласа.**<br>3.Искусствонун башка түрлөрүнө токтолуу менен чыгармага **мүнөздөмө берсе.**<br>4. Чен-өлчөмдөр боюнча башка топтун ишин **баалоого катышса.**<br>5. Долбоордо эпизоддорду сахналаштырууну **колдонсо.**<br>6. Долбоорду презентациялоонун ар кандай формаларын **колдонсо** (схемалар, иллюстрациялар, МКТ ж.б.). |
| | | | **10.3.4.15.** Адабий темада дилбаян **жазат** (пикир, эссе, мүнөздөмө). | 1. Дил баяндын темасын өз алдынча **аныктаса.**<br>2. Чыгарманы тандап алуусун **түшүндүрсө.**<br>3. Чыгарманы окугандан алынган таасирди **чагылдырса.**<br>4. Жазуу иштеринин ар кандай түрлөрүн баалоонун эрежелерин жана чен - өлчөмдөрүн (критерийлери) колдонсо.<br>5. Дил баянда адабий-теориялык түшүнүктөрдү **колдонсо.** |

**11-класс**

**Адабий чыгармаларды түшүнүү каражаттары: теориялык түшүнүктөрдүн минималдык тизмеси**

Адабий процесс тууралуу түшүнүк, адабий багыттар (романтизм, реализм, модернизм, постмодернизм), чыгармалардын жанрлары тууралуу тереңдетилген түшүнүк; жазуучунун жеке стилинин өзгөчөлүгү; көркөм ыкмалар, адабий сын, салттуулук жана жаңычылдык, жалпы маданий жана этномаданий баалуулуктар.

| № п/п | Компе-тенттүүлүктөр | Мазмундук тилкелер | 11-класс | |
|---|---|---|---|---|
| | | | **Күтүлүүчү на-тыйжалар** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| | **1. Окур-мандык** | **1. Адабий ка-рмандын об-разы** | **11.1.1.1.** Мүнөздөмөнү ачып берүү **каражатта-рын билет** (жеке, салыштырмалуу, топтук). | 1.Каармандарга **мүнөздөмө берсе** жана образдарды ачуу үчүн сынчылардын айткандарын **колдонсо.** |
| | | **2. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **11.1.2.2.** Форма жана мазмундун бирим-диги аркылуу жанрды эске алуу менен чыгарманы **талдайт** (аңгеме, ыр, эпизоддор, үзүндүлөр, көрүнүштөр). | 1.Адабий текке жана жанрга, агымга, адабий багытка тиешелүү экендигин **аныктаса.**<br>2.Адабий чыгарманын тема, идея, адеп-ахлактык пафосун **бел-гилеп жазса.**<br>3.Сюжеттин элементтерин, композицияны, тилдин көркөм-сүрөттөө каражаттарын жана алардын чыгарманын көркөм иде-ялык мазмунун ачып берүүдөгү ролун **аныктаса.**<br>4.Үзүндүсү берилген чыгармадагы окуялардын жүрүшүн жана аягын **таба алса.**<br>5.Чыгарманын аталышын образдык жалпылоо иретинде чечме-лейт, макул же макул эместигин **билдирсе.**<br>6.Талдоодо кайра айтып берүүнүн ар кандай түрлөрүн **кол-донсо.** |

| № п/п | Компе-тенттүүлүктөр | Мазмундук тилкелер | 11-класс | |
|---|---|---|---|---|
| | | | **Күтүлүүчү на-тыйжалар** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| | | **3. Көркөм кеп** | **11.1.3.3.** Көркөм кептин өзгөчөлүгүн талдоо үчүн жи-гердүү сөз корун **колдонот.** | - Оозеки жооп берүүдө жана ар кандай жанрда дил баян жазууда поэтикалык кептин байлыгын кол-донсо.<br>- Кыргыз жана дүйнөлүк адабияттагы чыгармалар-дын поэтикалык кебинин улуттук-маданий өзгөчөлүгүн айырмалай алса.<br>- Дил баян-стилдештирүү жаратат жана критерийлер боюнча талкууга алса.<br>- Чыгармага мүнөздөмө берүү үчүн адеп-ахлактык-философиялык, эстетикалык, маданияттаануучулук лексиканы, адабий-теориялык түшүнүктөрдү кол-донсо. |
| | | **4. Автордун дүйнөсү** | **11. 1.4.4. А**вторго жана анын чыгарма-сына жалпы **мүнөздөмө берет.** | 1.Автордун, чыгарманын, чыгармачылыктын презентациясын **даярдаса.**<br>2.Анын адабий текке, жанрга, агымга, адабий багытка тие-шелүү экендигин **аныктаса.**<br>3.Автордук концепцияны белгилеп **жазса, аргументтештирсе** жана чыгарма жазылган мезгил менен **байланыштырса.** |
| | | | **11. 1.4.5.** Жеке окур-мандык **чөйрөгө ээ.** | 1.Өзүн өнүктүрүү үчүн окуунун максатын **аныктаса.**<br>2.Китеп окууну эстетикалык, адеп-ахлактык, таанып билүү тажрыйбасынын булагы катары **кабыл алса.**<br>3.Өзүнүн окурмандык ишмердигинин натыйжаларын **бааласа.**<br>4.Сүйүктүү жазуучу, адабий каарман, жанрды тандоосуна **не-гиздеме берсе**.<br>5.Классташтарына окуу үчүн китеп **сунуштаса** жана аны **тал-кууга алса**. |
| | | | **11.1.4.6.** Көркөм текстти ар кайсы до-орлордун, | 1. Авторлордун салттуулугун жана жаңычылдыгын **таба алса.** |

| № п/п | Компе-тенттүүлүктөр | Мазмундук тилкелер | 11-класс | |
|---|---|---|---|---|
| | | | **Күтүлүүчү на-тыйжалар** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| | | | маданияттардын жана искусствонун башка түрлөрүнүн чыгармалары менен **салыштыруу көндүмүнө ээ.** | |
| | **2. Баалуулук-маанилик** | **1. Адабий ка-армандын об-разы** | **11.2.1.7.** Адабий ка-армандардагы ин-сандык маңыз жана жаңы баалуулук-тарды **таба алат.** | 1.Сүйүктүү каарман жана эстетикалык идеалды тандоого **түшүндүрмө берсе.**<br>2.Адабий образды мезгилдин чакырыктары менен **тең салмак-таштырса.** |
| | | **2. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | | |
| | | **3. Көркөм кеп** | **11.2.3.8.** Кебин об-раздуу сөздөр, сүйлөмдөр аркылуу **байытат.** | 1. Көркөм кептин улуттук-маданий элементтерине кызыгуусун **билдирсе.**<br>2. Ар кандай маданияттагы жазуучулардын чыгармаларындагы көркөм кептин өзгөчөлүгүнө **чечмелөө жасаса.**<br>3. Образдуу сөздөрдү, сөз айкаштарды, сүйлөмдөрдү дил ба-янда, оозеки чыгып сүйлөөдө **колдонсо.** |
| | | **4. Автордук дүйнө** | **11.2.4.9.** Адабият-тын, окуунун ко-омдун, адамдын тур-мушундагы маани-син **түшүнөт** жана жеке позициясын **жактай алат.** | 1. Кийинки билим алуу, рухий жактан өзүн өзү өнүктүрүү үчүн китеп окуунун максатын жана маанисин **түшүндүрө алса.**<br>2. Китеп окууну эстетикалык, адеп-ахлактык, таанып билүү тажрыйбасынын булагы катары **кабыл алса.**<br>3. Адабияттын коомдун турмушундагы жана адамдын рухий жашоосундагы ролун **түшүндүрсө.** |

| № п/п | Компе-тенттүүлүктөр | Мазмундук тилкелер | 11-класс | |
|---|---|---|---|---|
| | | | **Күтүлүүчү на-тыйжалар** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| | | | | 4. Сүйүктүү жазуучу, адабий каарман, жанрды тандоосуна **негиздеме берсе.**<br>5. Азыркы коомдогу адабияттын ролун **аныктаса** жана искусство чыгармаларын мезгилдин чакырыктары менен **тең салмактай алса.**<br>6. Заманбап технологиялык мүмкүнчүлүктөргө жана алардын музыкалык искусствого тийгизген таасирине **мүнөздөмө берсе.**<br>7. Азыркы мезгилде адабиятты жайылтуунун/берүүнүн каражаттарын **изилдесе** (интернет, кино, музыка, клиптер, теле көрсөтүү, видео ж.б.)<br>8. Актуалдуу темаларда талаш-тартышты **демилгелесе.** |
| | **3. Адабий-чыгармачылык** | **1. Адабий каармандын образы** | | |
| | | **2. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | | |
| | | **3. Көркөм кеп** | **11.3.3.10.** Тематика жана жанрын эске алуу менен адабий чыгарманы жатка **көркөм окуйт.** | 1.Ырды окуп жатканда интонация, темп жана ыргакты **өзгөртсө.**<br>2. Логикалык басым жана тынымды **сактаса.**<br>3. Көркөм окууда каармандын жана автордун сезимдеринин динамикасын **бере алса.**<br>4. Тема, автордук идея, образдарга өзүнүн мамилесин **билдирсе.**<br>5. Окурмандар конкурсуна **катышса.**<br>6. Ырды, тексттен үзүндүнү көркөм окууда автордун идеясын **бере алса**. |

| № п/п | Компе-тенттүүлүктөр | Мазмундук тилкелер | 11-класс | |
|---|---|---|---|---|
| | | | **Күтүлүүчү на-тыйжалар** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| | | | | **7.** Чыгармалардын адабий-музыкалык композициясын, сахналаштырууну даярдоого **катышса.**<br>8. Классташтарынын көркөм окуусун чен - өлчөмдөр (критерийлер) боюнча **бааласа.** |
| | | **4. Автордун дүйнөсү** | **11.3.4.11.** Адабий темада билдирүү, пикир, реферат, обзор ж.б. жазуу **көндүмдөрүнө ээ.** | 1. Материалдарды ар түрдүү булактардан **тандап алса.**<br>2. Тандап алынган материалдарды башкалар менен **талкууласа.**<br>3. Билдирүүнүн ар кандай түрлөрүн түзүү моделдерин **билсе.**<br>4. Адабий-теориялык түшүнүктөрдү **колдонсо.** |
| | | | **11.3.4.12.** Адабий темада долбоор иштеп чыгууга жана жаратууга **катышат** (искусствонун башка түрлөрүн катыштыруу менен). | 1. Материалдарды ар түрдүү булактардан **тандап алса.**<br>2. Тандап алынган материалдарды башкалар менен **талкууласа.**<br>3. Иштин өзүнө тиешелүү бөлүгүнүн, аны презентациялоонун **жоопкерчилигин алса.**<br>4. Теманы ачып берүү үчүн искуствонун башка түрлөрүндөгү чыгармаларды **катыштырса.**<br>**5.** Долбоорду презентациялоонун ар түрдүү формаларын **колдонсо (**схемалар, иллюстрациялар, МКТ ж.б.).<br>6. Долбоорду презентациялоого жана чен - өлчөмдөр (критерийлер) боюнча баалоого **катышса.** |
| | | | **11.3.4.13.** Ар кандай жанрда дил баян **жазат.** | 1. Дил баяндын темасын өз алдынча **аныктаса.**<br>2. Чыгарманы тандоону **түшүндүрсө.**<br>3. Чыгарманы окуудан алган **таасирди чагылдырса.**<br>4. Жазуу иштеринин ар кандай түрлөрүн баалоонун эрежесин жана чен-өлчөмдөрүн **колдонсо.**<br>5. Стилдик боёктогу лексиканы **колдонсо.**<br>6. Дилбаянда адабий-теориялык түшүнүктөрдү **колдонсо.** |

## 3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

Окуучуларды баалоодо инсанга багытталган мамиле колдонулуп, алардын өнүгүшүнүн, керектөөлөрүнүн жана жөндөмдүүлүгүнүн учурдагы абалы жана өзгөчөлүктөрү эске алынат. Баалоо жекече окуп-үйрөнүүнү өнүктүрүүгө, өзүн-өзү сыйлай билүүгө, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн аңдап-түшүнүүгө көмөк көрсөтөт. Бул үчүн баалоонун ар түрдүү формалары жана методдору колдонулат.

***Баалоонун негизги принциптери***

Баалоонун системасын иштеп чыгууда төмөнкү негизги принциптерди жетекчиликке алуу зарыл:

**Обьективдүүлүк.** Обьективдүүлүк принциби бардык окуучулар окшош шарттарда бирдей текшерүүлөргө кабылышын талап кылат. Маалыматтарды иштетүүнүн обьективдүүлүгү окуучуга да, мугалимге да белгилүү болгон баа берүүнүн так, ачык чен-өлчөмдөрүн жетекчиликке алат. Баалоо класстагы жагымдуу атмосферанын шартында жүргүзүлүүгө тийиш.

**Ачыктык.** Баалоонун чен - өлчөмдөрү (критерийлери) менен формалары окуучуларга күн мурунтан белгилүү болуусун талап кылат. Окуучулар эмне жана кантип бааланарын билиши керек, мында алар баалоонун чен-өлчөмдөрүн иштеп чыгууга катыша алышат.

**Ишенимдүүлүк.** Педагогикалык ченөөнүн так даражасы. Кайталап текшерүү ошондой эле жыйынтыкты берсе, ишенимдүү болуп саналат.

**Валиддүүлүк же баалоо методунун шексиздиги**, ал чынында эле өлчөнүүгө тийиш болгон нерсе же башка нерсе өлчөнүп жатканын көрсөтөт.

***Баалоонун функциялары:***

- ✓ багыттоочу – окуучунун акыл эмгегине таасир этүүчү;
- ✓ стимул берүүчү – окуучунун мындан ары ишмердүүлүгүн аныктоочу;
- ✓ тарбиялоочу – окуучунун жүрүм-турумуна таасир этүүчү.

***Баалоонун түрлөрү жана методдору***

Кыргыз Республикасында орто жалпы билим берүүнүн Мамлекетик билим берүү стандартында баалоонун үч түрү белгиленген: алдын ала (диагностикалык), калыптандыруучу (формативдик) жана жыйынтыктоочу (суммативдик).

**Алдын ала (диагностикалык) баалоо** окуу жылынын / ар бир циклдин башында кийинки прогрессти баалоо үчүн жүргүзүлөт: мугалим окуу жылынын ичинде окуучунун компетенттүүлүктөрүнүн калыптангандыгынын баштапкы деңгээлин жетишилген натыйжалар менен салыштырууну жүргүзөт.

**Калыптандыруучу (формативдик) баалоо** – окуу жараянынын жүрүшүндө аткарган ишмердүүлүктүн түрлөрүнө (топтук, оозеки, жазуу) карап окуучуну баалап баруу. Калыптандыруучу (формативдик) баалоонун максаттарын окуучулардын материалды өздөштүрүүсүнүн ийгиликтүүлүгүн жана жекече өзгөчөлүктөрүн аныктоо, ошондой эле окуучулардын ийгиликке жетишүүсү үчүн сунуштамаларды иштеп чыгуу түзөт. Окуучунун жөндөмдүлүктөрүнүн деңгээли эмес, ал аткарган конкреттүү иш бааланат.

Окутуунун аралык натыйжаларын баалоодо окуучулардын өзгөчөлүктөрү (ишти аткаруу темпи, теманы өздөштүрүү ыкмалары ж.б.) эске алынып, окуучулардын жетишкендиктерине жана прогрессине көңүл бурулат. Журналга баа зарылдыгына жараша коюлат, мугалим окуучулардын жеке прогрессине өздүк байкоолорун белгилеп түшүрөт.

**Жыйынтыктоочу** (суммативдик) **баалоо** – чейректин, окуу жылынын аягында окуучунун жыл бою окуу процессине катышкан ишмердүүлүгүн жыйынтыктоочу баалоо. Мындай баалоо окутуунун ар бир баскычы үчүн пландалган натыйжаларга окуучунун жетүү даражасын аныктоо үчүн колдонулат.

Баалоо окуучулардын окуу жетишкендиктеринин предметтик стандарттын мазмунуна дал келишин аныктоо максатында жүргүзүлөт. Инсанга багытталган окутуунун практикасында окуучулардын окуу жетишкендиктерин текшерүүнүн төмөнкү стратегиялары көбүрөөк жайылтылган:

1) окуучунун баштапкы жана аягындагы жыйынтыктардын дал келиши, б.а. окуучунун жеке өнүгүү динамикасы;

2) окуучу жасаган иштин чен-өлчөмдөр менен дал келиши.

Окутуу учурунда төмөнкүлөр бааланат:

– сабак учурундагы окуучулардын иши;

– окуучулардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасы.

Окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо тапшырмалардын түрлөрү колдонулат. Тапшырмаларды топторго бөлүштүрүү төмөндөгүлөрдү эске алуу менен жүргүзүлөт:

берилген тапшырмаларды аткаруунун ар түрдүү деңгээлдеги татаалдыгын;

окуучулардын тапшырмаларды аткаруусунун ар түрдүү деңгээлдеги өз алдынчалыгын.

**1-топтогу тапшырмалар** – текст боюнча жалпы багыт алуу, ачык берилген маалыматты колдонуу: ачык берилген маалыматты издөө жана табуу, ошондой эле тексттеги фактылардын негизинде түз жыйынтыктар менен корутундуларды формулировкалоо (тексттеги маалыматтын негизги темасын жана идеясын түшүнүү, тексттеги айтылгандар боюнча жалпы түшүнүк).

**2-топтогу тапшырмалар** – текстти терең түшүнүү, маалыматты интерпретациялоо жана өзгөртүп түзүү, талдоо, текстте ачык берилбеген маалыматты жалпылоо жана интерпретациялоо, текстте түз айтылбаган байланыштарды табуу, бир топ татаал жыйынтыктарды жана баа берүүчү ойлорду айтуу.

**3-топтогу тапшырмалар** – маалыматты окуу-практикалык тапшырмаларда колдонуу жана өз тексттерин түзүү, карама-каршы жана талаш маалыматты табуу, алынган маалымат боюнча пикирин жана өз көз карашын айтуу.

Төмөнкү таблицада предметтик стандарттардын жетишкендиктерин таап көрсөтүүгө багытталган тапшырмалардын түрлөрү жана бул же тигил тапшырмалар үчүн баанын «салмагын» болжолдуу бөлүштүрүлүшү сунушталган.

**Окуучулардын компетенттүүлүгүн баалоо үчүн тапшырмалардын түрлөрү**

**3-таблица**

| № | Окуучулардын компетенттүүлүгүн баалоочу тапшырмалардын түрлөрү | Баанын «салмагын» болжолдуу бөлүштүрүү | Тапшырмалардын топтор менен дал келиши |
|---|---|---|---|
| 1. | Айтып берүүнүн түрлөрү | 10 % | 1 |
| 2. | Окуучулардын текстке карата суроо берүүсү. Суроолорго жооп берүүсү | 10 % | 1,2,3 |
| 3. | Чыгармаларды, образдарды, темаларды, эпизоддорду талдоо | 20 % | 1,2,3 |
| 4. | Жазуу иштери (иштердин мазмунга багытталуусу, окуучулардын рефлексиясынын негизинде кыргыз тили сабактары менен байланыш):<br>Эркин эссе.<br>Аргументтештирилген эссе.<br>Түрдүү жанрларда дил баян (эссе, жомок, тамсил, ыр, аңгеме). | 15 % | 2,3 |
| 5. | Көркөм окуу.<br>Сахналаштыруу.<br>Иллюстрациялоо, ийлеп чаптоо, аппликация жана башкалар. | 10 % | 3 |
| 6. | Адабий темалар боюнча чыгармачылык долбоор.<br>Комплекстүү долбоор (сүрөт колдонуу менен чоң эмес изилдөө, музыка, информатика). | 20 % | 2,3 |
| 7. | Чыгармачыл презентация | 15 % | 2,3 |

*Эскертүү:*

Иштердин саны жана баалардын «салмагы» боюнча бөлүштүрүү класстан-класска компетенттүүлүктүн өнүгүү динамикасын эске алуу менен ишке ашырылат. Класстарга бөлүштүрүүгө ылайык баалоо үчүн жалпы багыт болуп төмөнкүлөр эсептелет:

–жумуштун көлөмү;

–кабыл алуу менен түшүнүүнүн тереңдиги;

–өз алдынчалыктын деңгээли (демилгелөө, тандоо, интерпретациялоо);

–чыгармачылык ыкма;
–айтканын аргументтештирүүсү, текстке таянуу.

Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасын баалоо чен - өлчөмдөрү (критерийлери) ар бир тапшырмага жана иштин түрлөрүнө карата түзүлөт.

Кыргыз жана дүйнөлүк адабияты боюнча предметтик компетенттүүлүктөр (окурмандык, баалуулук-маанилик, адабий чыгармачылык) окуучулардын төмөнкү билимдерине таянат:

- окуп-үйрөнгөн чыгармалардын (жанрлардын) авторун жана аталыштарын билүү;
- окуп-үйрөнгөн чыгармалардын башкы каармандарын;
- чыгарманын мазмунун, сюжеттин өзөктүү эпизоддорун, айрым көркөм өзгөчөлүктөрүн;
- ырларды, прозалык чыгармалардын үзүндүлөрүн жатка билүү;
- эмоционалдык-баа берүүчүлүк, адеп-ахлактык-этикалык, этномаданий лексиканы билүү;
- жазуу иштеринин (баяндап берүү, каарманга мүнөздөмө, эссе, дил баян) негизги моделдерин (мазмун жана түзүлүшү) билүү.

## Предметти өздөштүрүүнүн деңгээли

Предметти өздөштүрүүнүн денгээлдерин бөлүштүрүү адабий чыгарманы кабыл алуу сапатына багытталган. Окуучулардын адабий чыгарманы кабыл алуусунун сапаты окурмандын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын талдоонун негизинде түзүлөт (тапшырмалардын жыйнагын жана түрлөрүн караңыз).

Кабыл алуунун сапаты деп окурмандын каармандар жана чыгарманын автору менен кошо башынан кечирүү, эмоциялардын динамикасын көрүү, жазуучу жараткан турмуш картинасын элестетүүнү кайра түзүү, каармандардын жоруктарынын түп натыйжасы, мотивдери тууралуу ой жүгүртүү, чыгарманын каармандарын баалоо, автордун позициясын аныктоо, чыгарманын идеясын өздөштүрүү, б.а. автор койгон көйгөйдү өз жан дүйнөсүнөн баалап, сындоо жөндөмдүүлүгүн түшүнөбүз. Чыгарманы толук түрдө кабыл алуу окуучунун адабий өнүгүүсүнүн жогорку деңгээли жөнүндө кабарлайт.

Окуучунун окурмандык сезимдеринин жигердүүлүгүн, кайра жаратуучу жана чыгармачыл элестетүүсүн, конкреттүүлүгүн жана көркөм жалпылоо денгээлин, окуунун, окурмандык баасынын жана багыт алуусунун үстөмдүк кылуучу мотиивдерин эске алып, окуучунун кабыл алуусунун үч деңгээлин бөлүп көрсөтүүгө болот:

– сюжеттүү-окуялуу (төмөнкү) деңгээл;
– образдуу-аналитикалык (ортоңку) деңгээл;
– идеялык-эстетикалык (жогорку) деңгээл.

Адабият боюнча чыгармачыл иштерди аткарууда сабаттуулугу бааланбайт, бир гана баа коюлушу керек. Себеби, окуучу чыгармачыл ишти аткарууда чыгармачыл продукт түзүү деген бир гана татаал тапшырманы чечет. Дил баянда ошол чыгармачыл тапшырманын аткарылыш натыйжасын баалоо керек. Теориялык билимдер баа менен бааланбайт, адабий-теориялык түшүнүктөрдүн эрежелерин так айтып берүү талап кылынбайт. Бул предметтик стандартта адабий-теориялык түшүнүктөр көркөм чыгарманы кабыл алуунун куралы катары каралат, алар класстын практикалык ишинде «жашаш» керек; аларды практикалык иштин керектүү каражаты катары колдонуу сунушталат.

Окуучуларды баалоодо окуучуларга да, ата-энелерге да, педагогдорго да түшүнүктүү пландаштырылган күтүлүүчү натыйжалардын жетишүүсүнүн так чен - өлчөмдөрүн (критерийлери) иштеп чыгуу зарыл.

Чен - өлчөмдүү (критерийлер) баалоо – так аныкталган, жалпы жааматта иштелип чыккан, алдын-ала бардыгына белгилүү болгон, билим берүүнүн мазмуну менен максаттарына дал келген, окуучулардын белгилүү компетенттүүлүгүн калыптандырууга мүмкүнчүлүк түзгөн чен - өлчөмдөр (критерийлер) менен окуучулардын окуу жетишкендиктерин салыштырууга негизделген процесс. Чен - өлчөмдөр менен (критерийлери) баа бул контекстте жаза же таасир кылуу катары каралбайт, маалымат каражаты гана болот.

Мектеп окуучуларынын баалоо процессине катышуусу колдоого алынуучу жагдай болуп саналат:

– баалоонун чен-өлчөмдөрүн иштеп чыгууга катышуусу;
– өз ара баалоосу;
– аткарылган окуу аракеттеринин жыйынтыктарын рефлексивдүү талдоосу жана өзүн-өзү баалоосу;

Мисалы, «... жатка көркөм окуйт» деген күтүлүүчү натыйжа окуучунун төмөнкү чен - өлчөмдөргө (критерийлер) жетишкени аныкталганда талашсыз болот:

- Ырды мыкты билет жана жатка окуйт.
- Сөздөрдү жана сөз айкаштарды туура айтат.
- Ырды окуганда интонацияны, темпти жана ритмди өзгөртөт.
- Лирикалык каармандын сезип кубануусун же кайгысын, сезимдерин жеткирет.
- Темага, автордук идеяга, образдарга өз мамилесин билдирет.

# 4 – БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНЕ КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР

## 4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар

Предметтик стандартты ишке ашырууну максаттуу камсыздоого арналган адабий чыгармаларды тандоо чен - өлчөмдөрүн (критерийлери) иштеп чыгуунун негизинде программаларды түзүү:

- окуучулардын адабий чыгармаларды эстетикалык кабыл алуусун уюштурууга көңүл бурган жаңы типтеги окуу китептерин иштеп чыгуу;
- хрестоматияларды иштеп чыгуу;
- предметтин негизги максатын эске алуу менен жумушчу дептер түзүү.

10-11-класстардын окуучулары үчүн окуу материалдарынын негизги жанрлары:

- ✓ хрестоматия, программага ылайык көркөм тексттер жана алардан үзүндүлөр гана берилет (бул жогорку класстарда окуу китеби менен айкалыштырып колдонулат);
- ✓ окуучулар үчүн колдонмо, теориялык маалыматтар кайсы бир класска арналган курс боюнча билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруучу көнүгүүлөр менен айкалыштырылып берилет же так бир тема иштелип чыгылат (бардык класстар үчүн колдонулат);
- ✓ – **практикалык окуу китеби**, мында негизинен көркөм чыгармаларды окутуу үчүн суроолор жана тапшырмалар берилет.

**Ресурс катары башка материалдар да колдонулат:**

- ✓ сүрөттөр менен берилген окуу материалдары (таяныч конспектилер, схемалар, таблицалар, диаграммалар, моделдер ж.б.);
- ✓ көрсөтмө берүү мүнөзүндөгү окуу материалдары (окуучулардын өз алдынча иштөөсүн уюштуруу боюнча көрсөтмөлөр, алгоритмдер, инсандын өзүн өзү реализациялоого арналган программа ж.б.);
- ✓ окуучулардын өздөштүрүү деңгээлин диагностикалоонун куралдары (окуучулардын адабий билимдин мазмунун өздөштүрүүсүн аралык, тематикалык жана жыйынтык текшерүү);
- ✓ мектеп китепканасындагы көркөм чыгармалардын тексттери;
- ✓ жаңычыл ресурс катары электрондук окуу материалдары:санариптик жана мультимедиялык форматтагы текст түрүндөгү материалдар (көркөм, адабий сын, биографиялык жана маалыматтык), аудиотексттер, көркөм жана окуу боюнча видеофильмдер, санариптик иллюстрациялар, картиналардын жана фотосүрөттөрдүн репродукциялары, видеоэкскурсиялар.

**Адабият кабинетинин материалдык-техникалык жабдылышы**

- ✓ компьютер;

- ✓ проектор;
- ✓ экран;
- ✓ окуу жана көркөм фильмдердин видеотекасы.

## 4.2. Шыктандыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү

Компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө жана калыптандырууга багытталган предметтик стандарт окуучулардын инсандык өнүгүүсүнүн бардык тармактарын эске алат: таанып-билүү, эмоционалдык жана психомотордук, акырындап балдардын билим берүүнүн бир баскычынан экинчисине өтүүдө прогрессти жана ырааттуулукту чагылдырат. Бул контекстте билим берүүдө предметти окуп-үйрөнүүгө шыктанууну (мотивацияны) демилгелөө жана колдоо, инсандык сапаттарын калыптандыруу, жеке жетишкендиктерин өнүктүрүү максатында окуучулардын жаш курагына ылайык келген окутуунун ар түрдүү стратегияларын пайдалануу керек.

Шыктануунун денгээлине жараша окуу-тарбия ишинин көрсөткүчү өзгөрөт. Кыргыз адабиятын окутууда заманбап окутуунун технологияларын колдонуу бул көйгөйдү чечүүгө жардам берет. Окуучу кыргыз адабиятын үйрөнүүгө кызыгуусу үчүн адабий түшүнүктөрдүн практикада колдонулушунун маанисин ачып көрсөтүү керек. Көркөм адабият чыгармаларын олуттуу окуу менен предметке болгон кызыгууну калыптандырууга болот. Окуучулар жазып, ой бөлүшүп, презентациялап, талкуулап, жаңы маалымат алышат. Мындай иш-чараларды сунуштоо менен мугалим окуучулардын негизги компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга, таанып билүү ишмердүүлүгүн өстүрүүгө, предметке болгон кызыгуусун жогорулатууга багыт алат.

Шыктануу (мотивация) ички жана сырткы болушу мүмкүн. Ички шыктануу (мотивация) билбегенден билгенге карай ийгиликтүү жылуу үчүн негизди түзөт. Ички шыктануу (мотивация) 4 түргө бөлүнөт: жыйынтык, иш боюнча мотив; баага жана ыңгайсыздыктан оолактоо мотиви. Алдыңкы эки мотивдер акыркы жыйынтыкка жетишүү ишинде окуучунун жеке кызыкчылыгы үчүн шарттарды түзөт.

Окуучулардын шыктануучу (мотивациялык) тармагы, алардын ишмердүүлүктүн түрлөрүнө болгон мамилеси жана окуп-үйрөнүүдө өзүнүн жалпы жигердүүлүгү негизинен алардын муктаждыктары менен дагы, ошондой эле ылайыктуу максаттары менен дагы аныкталат. Окуучулардын шыктануусунун (мотивациясынын) ыкчамдуулугу көбүнчө өзүнүн ишинин максаты жөнүндөгү түшүнүгү менен аныкталат. Өзүнүн ишинин маанилүүлүгү жана өзүнүн максатын так элестетиши окуучулардын шыктануусун күчөтүүнүн күчтүү каражаты болуп саналат.

Шыктандыруучу билим берүүчүлүк чөйрө – мектептин жашоо ишмердүүлүгүнүн тартибин калыптандыруучу факторлордун жыйындысы: мектептин материалдык ресурстары, окуу процессин уюштуруу, тамактануу, медициналык жардам, психологиялык климат.

Заманбап шартта шыктандыруучу билим берүүчүлүк чөйрө татаал, көп деңгээлдүү кубулуш катары каралат. Ал **физикалык, психологиялык, академиялык чөйрө** болуп бөлүнөт жана төмөнкү аспекттерди камтыйт.

**<u>Физикалык чөйрө:</u>**

- материалдык (мектептин жана класстын абалы);
- технологиялык (мектептин, класстын материалдык-техникалык базасы);
- маалыматтык - компьютердик технологиялар (интерактивдик такта, компьютер, проектор, экран ж.б.).

**<u>Психологиялык чөйрө:</u>**

- психологиялык (шыктануу (мотивация) түзүү жана колдоо, мугалим жана окуучунун ортосундагы мамиле, окуучу менен окуучунун ортосундагы мамиле);
- балдардын жана ата-энелердин мектептен, билим берүүдөн коркуу сезимин жок кылуу.

**<u>Академиялык чөйрө:</u>**

- уюштуруучулук (окуу иши, класстан тышкаркы ишмердүүлүк);
- педагогикалык (мугалимдердин жана окуучулардын интеллектуалдык деңгээли);
- окутууда ар түрдүү ыкмаларды жана технологияларды пайдалануу;
- өз учурундагы кайтарым байланышты берүү.

Жогорудагы ар бир аспект мектепте шыктандыруучу жана демилгелөөчү факторлор менен толукталат. Бул мектептин шыктандыруучу чөйрөнү түзгөндүгү жөнүндө айтууга мүмкүнчүлүк берет жана сапаттуу билим берүүнүн жогорку деңгээлин камсыз кылат.

Шыктандыруучу билим берүүчүлүк чөйрөнүн **принциптери:**

- **ийкемдүүлүк** – мектептин сырткы чөйрөнүн өзгөргөн шарттарына ийкемдүү жооп кайтаруусун камсыз кылышы;
- **гумандуулук, руханий** баалуулуктарга артыкчылык бериши;
- **инновациялык, динамикалык -** ыңгайлашуунун эсебинен эмес, алдыга өнүгүүнүн эсебинен дайыма өзгөрүлгөн социалдык маданий кырдаалдарда сапаттуу билим берүүнү камсыздалышы;
- **ачыктуулук** – айлана-чөйрөнүн, ата-энелердин, мектептин социалдык өнөктөштөрүнүн педагогикалык дараметин ачык пайдаланышы**;**
- **технологиялык** – учурга ылайык келген заманбап жана маалыматтык коммуникациялык технологияны пайдалануу менен, сапаттуу билим берүүнү алууда кепилдиктин камсыздалышы;

Ошентип, шыктандыруучу окутуу чөйрөсү – билим берүү сапатын жогорулатууну камсыз кылган бардык субъекттердин (окуучулар, мугалимдер, жетекчилик, ата-энелер, социалдык өнөктөштөр) жогорку шыктануусун (ички түрткүлөрдүн аракеттенүү системасы) аныктоочу, демилгелөөчү факторлордун (материалдык, уюштуруучулук, психологиялык, педагогикалык, техникалык) комплексине ээ чөйрө.